DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*Сатаева С.Т.*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИН ДИНИЙ ЧӨЙРӨДӨГҮ САЯСАТЫ

*Сатаева С.Т*

# СВОБОДА ВЕРОИСПОВЕДАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ И ПОЛИТИКА ГОСУДАРСТВА В СФЕРЕ РЕЛИГИИ

*S. Sataeva*

# FREEDOM OF RELIGION IN KYRGYZSTAN AND STATE POLICY IN THE SPHERE OF RELIGION

*УДК: 947.1 (575.2)*

*Макалада дин тутуу эркиндиги жана Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатын реформалоо процесси, Кыргыз мамлекетинин Конституциялык жана укуктук-мыйзамдык документтеринин жана башка булактардын негизинде талданат. Диний кырдаалга сереп салынат, мамлекеттик саясаттын өңүтү, максаттары, принциби, негизги багыттары камтылат. Диний билим берүү тармагын реформалоо диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын башкы стратегиялык максаты экендигин баса көрсөтүүгө болот. Кыргыз Республикасынын динге тиешелүү Конституциялык мыйзамдары, 2021-2026-жылдарга карата кабыл алынган диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясы, «дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер» жөнүндөгү Мыйзамдар Кыргыз Республикасынын жарандарынын дин туу эркиндигин камсыз кылуу, мамлекеттин светтик негиздерин чыңдоо, диндер ортосундагы ынтымакты камсыз кылуу, мамлекеттик-конфессиялык өнөктөштүктү өнүктүрүүгө, диний билим берүүнү жөнгө салууга, мамлекеттин тынчтыгын, коопсуздугун камсыз кылууга багытталат.*

***Негизги сөздөр:*** *дин тутуу эркиндиги, мамлекеттик саясат, светтик, Конституция, Концепция, Мыйзам.*

*В статье анализируются свобода вероисповедания и процесс реформирования государственной политики Кыргызской Республики в сфере религии на основе конституционно-правовых документов и других источников. Анализируется религиозная ситуация в Кыргызстане, охватывающий аспекты, цели, принципы и основные направления государственной политики. Следует отметить, что реформа религиозного образования является ключевой стратегической целью государственной политики в сфере религии. Конституционные законы Кыргызской Республики о религии, Концепция государственной политики в сфере религии на 2021-2026 годы, Законы о свободе вероисповедания и религиозных объединениях, направлены для обеспечения свободу вероисповедания граждан Кыргызской Республики, развитие государственно-конфессионального партнерства, регулирование религиозного воспитания, обеспечения мира и безопасности государства.*

***Ключевые слова:*** *свобода вероисповедания, государственная политика, светский, Конституция, Концепция, Закон.*

*The article analyzes freedom of religion and the process of reforming the state policy of the Kyrgyz Republic in the field of religion on the basis of constitutional legal documents and other sources. The religious situation in Kyrgyzstan is analyzed, covering aspects, goals, principles and main directions of state policy. It should be noted that the reform of religious education is a key strategic goal of state policy in the field of religion. The Constitutional Laws of the Kyrgyz Republic on Religion, the Concept of State Policy in the Field of Religion for 2021-2026, the Laws on Freedom of Religion and Religious Associations, are aimed at ensuring the freedom of religion of citizens of the Kyrgyz Republic, the development of state-confessional partnership, the regulation of religious education, ensuring peace and security of the state.*

***Key words:*** *freedom of religion, state policy, secular, Constitution, Concept, Law.*

Бүгүнкү күндө диндин жана диний уюмдардын мамлекеттеги жана коомдогу ролу, мамлекеттин диний чөйрөдө жүргүзгөн саясаты, мамлекет менен диний уюмдардын өз ара байланышы, диний билим берүүнүн учурдагы абалы маселелери актуалдуу проблемалардан болуп саналат. СССР урап, эгемендүү Кыргыз мамлекетинин түзүлүшү менен Кыргызстан демократиялык өнүгүү жолун тандап алды. Демократиянын шарттарында Кыргыз Республикасында диний уюмдардын түзүлүүсү жана өнүгүүсү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. 1991-жылы Кыргыз Республикасындагы “дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү” [1] Мыйзамы жарандардын диний чөйрөдөгү укуктарын жана кепилдиктерин бекемдеген, ар бир жаран үчүн дин тутуу эркиндиги берилген, ар кандай диний институттардын өсүшү жана өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзгөн.

Дин тутуу эркиндигинин натыйжасында өлкөдө көп конфессионалуу коом түзүлүп, Кыргызстан мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына тарыхый роль ойногон, коомдо өз ордун таап калган, кыргыз эли бир канча кылымдардан бери тутунуп келген суниттик исламдын ханафий мазхабынан (салттык ислам) тышкары дагы бир канча ислам диний уюмдары, жамааттардын көп түрлөрү пайда болду.

**Диний кырдаал**. Эгемендүүлүк алгандан бүгүнкү күнгө чейин диний бирикмелердин жана объектилердин саны эбегейсиз өстү. 1990-жылы республикада 39 мечит жана бир нече христиан дин объектилери болгон болсо, 2021-жылга карата Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында 3348 диний уюм каттоодон өткөн. Алардын 2930у ислам, 404 христиан багытындагы уюмдар, ошондой эле 12си Бахаи жамааты, 1 иудей жана 1 буддистер жамааты [2]. Алардын эң ириси болуп мусулмандардын арасында ханафий мазхабын жана матуру-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



дий ишенимин сактоону камсыз кылуучу Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы (КМДБ) эсептелет. Динге кызыгуунун массалык көбөйүшү, тарыхый жана азыркы мезгилдеги диндин жана диний уюмдардын, коомчулуктун пикиринин көз алдында ишеним деңгээлинин жогорулашы алардын баркынын өсүшүнө өбөлгө болду. Бул элде дин коомдогу кризистен чыгууга жардам кылуучу, элди кооптондурган тигил же бул процесстерге жакшы таасир тийгизүүгө жарактуулугу жөнүндө айрым жагынан акталган жана кээ бир жактарынан ашыра бааланган үмүттөрдү жаратты [3]. Жогоруда аталган жагдайларга Кыргызстандын диний чөйрөдө жүргүзгөн либералдуу саясаты түрткү берди. Бул саясат жакшы жыйынтыктарды алып келиши менен биргеликте, өлкөдө болуп жаткан терс кесепеттерге да түрткү берди.

Диний көз караштардын радикалдашуу процесси коомдук жана улуттук коопсуздукка коркунучу катары кароого болот. Туруксуздуктун борборуна айланган Афганистанга КРнын аймактык жакындыгы, калыптанып калган мамлекеттик-конфессиялык мамилелерге жана конституциялык түзүлүшкө коркунуч келтирүүчү радикалдык диний агымдардын жактоочуларынын өлкөнүн аймагына кирип келүүсүнө жогорку тобокелдиктердин бар экендигин шарттайт. Экстремисттик идеяларды, диний негизде сабырсыздыкты пропагандалоо жана заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен жактоочуларды вербовкалоо жайылууда [2].

Концепцияда жана дин тутуу эркиндиги жөнүндөгү Мыйзамда “мамлекеттик окуу жайлардагы билим берүүдө теологиялык жана дин таануучулук мамилелер чаташтырылып жатат. Диний окуу жайларына коюлган мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптары көзөмөлгө алынууга муктаж. Диний окуу жайларында дин жаатында даярдалган квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги байкалууда. Кыргыз Республикасынын жарандарынын чет өлкөдө диний билим алуусуна байланышкан тенденцияларга мониторинг жүргүзүү жана болжолдоо системасы жок” [2, 4] - деп белгиленет.

Соңку жылдары чет өлкөлөрдө диний билим алуу үчүн жөнөп жаткан жарандарыбыздын толук жана так санын тиешелүү мамлекеттик мекемелер же муфтият так билбейт. Мындай абал тынчсызданууну жаратууда. Чет өлкөдө диний билим алып жаткан жарандарыбыздын айрымдары Пакистан, Бангладеш сыяктуу өлкөлөрдө шектүү окуу жайларда билим алып, чет жактан экстремисттик уюмдардын ишине тартылып кетүү коркунучу бар. Ошондой эле Кыргызстанга келгенден кийин алардын идеологиясы менен саясатын жайылтуучуларына айланышы толук ыктымал.

Мамлекет диний чөйрөдө түзүлгөн кырдаалды эске алып, коомдогу динге болгон кызыгуунун жогорулашын жана калктын радикалдашуусунун күчөшү тез аранын ичинде дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты реформалоонун актуалдуулугун көрсөттү. Учурдагы кырдаалды жөнгө салуу максатында Мамлекет 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясын кабыл алды. Бул Кыргызстандын эгемен тарыхындагы мамлекеттин дин чөйрөсүндөгү үчүнчү Концепциясы (биринчи 2006-ж., экинчи 2014-2020-жж.) болуп саналат.

Мамлекеттин дин саясатынын калыптанышында 2008-жылы 31-декабрда кабыл алынган “Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү” [5] Мыйзам чоң ролду ойногон. 30 беренеден турган бул мыйзамдын эң негизги өзгөчөлүктөрү, ушул мезгилге чейин колдонулуп келген терминдердин түшүндүрмөсүнүн берилиши, диний уюмдардын түзүлүшүн жана алардын иш-аракеттерин жөнгө салууга багытталган жаңы нормалардын бекитилиши болгон. Тагыраак айтканда, мурдагы мыйзамда диний уюм түзүү үчүн он киши жетиштүү болсо, жаңы мыйзамда эки жүз кишиге көтөрүлгөн (8-берене). 2008-жылкы Дин мыйзамы, 1991-жылкы мыйзамдан айырмаланып, диний уюмдарга укуктарды бергендей эле, жоопкерчиликтерди да жүктөгөн.

**Мамлекеттин светтик принциби.** Мамлекеттин светтүүлүгүн же диндин мамлекеттик башкарууга кийлигишпеген абалын сактап калуу негизги маселе болууда. Дин жаатындагы окумуштуу Нурлан Исмаилов мамлекеттин светтик болушунун себебин мындайча түшүндүрөт: “Саясат менен дин аралашса дин жана мамлекет үчүн кооптуу жагдай жаралат. Светтик режим диний уюмдарга дагы пайдалуу. Анткени диндин тазалыгы, баштапкы принциптери сакталып, өз алдынча өнүгө алат. Диний көз карашты колдонуп бийликке жетебиз деген топтор да жок эмес. Мындай көрүнүштөр шайлоо учурунда көп байкалат. Мындай окуялар диндин саясатка, саясаттын динге аралашып кетишине алып келет. Ушундай нерселерге азыртадан бөгөт коюш керек” [6] - дейт.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшүнүн светтик мүнөзү Конституцияда так жазылган. Баш мыйзамдын 1-беренесине ылайык “Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) - көз карандысыз, эгемен, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет” деп жазылат [7]. Конституциянын 9-беренесинде дин аралашпаган принцип “дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес, “дин жана бардык диний ырасымдар мамлекеттен ажыратылган” деп белгиленет. Мамлекеттүүлүктүн светтик мүнөзү, мамлекеттин дин аралашпаган принциби Концепцияда [2] жана “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар” [5] жөнүндөгү Мыйзамда бекемделет.

**Мамлекеттик башкаруунун дин аралашпа-**

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



**ган принциби.** Конституциянын 8-9-беренелеринде "диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат", "диний жана этностук негизде саясий партияларды түзүүгө, диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө тыюу салынат" [7] - деп жазылат. Бул ченемдин мазмуну "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар" жөнүндөгү Мыйзамда мындайча бекемделет: "Кудайга табына турган жерлерде чогулуш, митинг, шайлоо алдындагы үгүттөө, саясий мүнөздөгү дагы башка иш-чараларды өткөрүүгө жол берилбейт" [5] - деп жазылат.

**Мамлекеттин диний бирикмелердин ишине кийлигишпөө принциби.** "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар" жөнүндөгү Мыйзамдын (2008-ж.) 5-беренесинин 5-бөлүгүндө мындай деп айтылат: «Мамлекет диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө кийлигишпейт, эгер ал мыйзамдарга каршы келбесе, башкаларга карата дин кармоого же бир динди чектөөгө же кандайдыр бир артыкчылыктарды берүүгө уруксат бербейт жана мамлекет диний уюмдардын ишмердүүлүгүн каржылабайт». "Мамлекет диний бирикмелерге мамлекеттик бийлик органдарынын, мамлекеттик мекемелердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жүктөбөйт" [5] - деп белгиленет. Бул учурда мамлекеттин диний уюмдардын ишине кийлигишүүгө болбой турган мүнөзүн белгилөөгө болот.

**Дин тутуу эркиндигине укуктуулук.** Кыргыз мамлекетинде адам укуктары жана дин тутуу укугу эл аралык укуктар жөнүндөгү документтерге негизделген. Атап айтканда, Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 18-беренеси: " динге ишенүү жана дин эркиндигине укуктуу, бул укукка өз динин же ынанымдарын өзгөртүү эркиндиги жана өз динин же ынанымдарын жеке, ошондой эле башкалар менен бирге, кудайга сыйынууда, окууда, диний жана ырасым каадаларын жасоодо көпчүлүк алдында же жеке тартипте тутуу эркиндиги кирет" [8] - деп жазылат.

Конституция өлкөнүн жарандарынын ар түрдүү диний ынанымдарына жана динге карата мамилесине карабастан, ар бир жаранга абийир жана дин тутуунун эркиндигине кепилдик берет. Конституциянын 34-беренесинде "ар бир адамга абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденет", " ар бир адам өзүнчө же башкалар менен бирге каалаган динин тутууга же эч бир динди тутпоого укуктуу", "ар бир адам диний жана башка ынанымдарды эркин тандоого жана тутууга укуктуу", "эч ким өзүнүн диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланышы мүмкүн эмес" [7], - деп жазылат. Бул учурда мамлекет жарандардын дин тутуу укугун кепилдейт.

Бул Конституциялык ченемдердин мазмуну "дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар" жөнүндөгү Мыйзамда мындайча бекемделет: "динге болгон мамилесине жана диний көз карашына карата басмырлоонун артыкчылыктарын, чектөөлөрүн белгилөөгө", "диний жек көрүүчүлүктү, диний артыкчылыкты үгүттөөгө, басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырууга [5] жол бербейт" деп жазылат. Конституциянын 23- беренесине ылайык, "басмырлоого жол берген адамдар мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат жана диний жек көрүүчүлүктү үгүттөөгө тыюу салынат" [7] деп жазылат. Бул учурда мамлекет диний ишенүүчүлөрдүн укугун коргойт жана мыйзам алардын диний ишенимдерин, ынанымдарын басмырлоого жол бербейт.

**Мамлекеттин диний уюмдар менен болгон өз ара аракеттенүү позициясы.** Мамлекет диндин маданий, социалдык жана билим берүү чөйрөлөрүнө болгон оң таасирин жана салымын кабыл алуу менен диний уюмдарды колдойт жана алар менен кызматташат. Мамлекет диний бирикмелер менен кызматташууда мамлекеттин дин аралашпаган принцибин эске алуу менен жана мамлекеттин диний уюмдардын ишине кийлигишпөө принцибинин чегинде иш алып барат.

2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Концепциясында "Мамлекет диний бирикмелердин жакшы потенциалы социалдык чөйрөдөгү проблемаларды чечүү, Кыргызстандын элинин тарыхый маданий мурасын сактоо жана өнүктүрүү, коомдогу руханий-адеп-ахлактык жагдайды жакшыртуу үчүн тартылат" [9] деп белгиленген.

2021-ж. кабыл алынган Концепцияда Кыргыз Республикасындагы мамлекет менен диндин ортосундагы келечектеги өз ара аракеттенүүгө төмөнкүдөй өңүт берилет: "Аз камсыз болгон жарандарды, ден-соолугунан мүнкүнчүлүгү чектелген адамдарды, турмуштук оор шарттагы үй-бүлөлөрдү жана балдарды колдоо, аялдарга жана балдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун жана башка укукка каршы иштердин алдын алуу, балдар жана өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, баңгиликтин, аракечтиктин алдын алуу, ж.б коомдук маанилүү милдеттерди чечүүдө мамлекет жана диний бирикмелердин ортосунда кызматташтык өнүгүүдө" [2]. Демек, мамлекет жана диний бирикмелердин ортосундагы кызматташтыктын башкы чөйрөсү социалдык экендигин баса белгилөөгө болот.

**Диний билим берүүнүн учурдагы абалы.** Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын багыты болуп, Кыргызстандагы диний билим берүүнү реформалоо жана диний жана дин таануучулук билим берүү системасын өркүндөтүү эсептелет. Диний билимдин жетишсиздиги диний радикализм, конфесссиялар ортосундагы кагылышуулар, диний сабырсыздык ж.б олуттуу көйгөйлөрдү жаратат. Концепцияда "жаран-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



дардын диний билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү максатында мамлекет өлкөнүн маданий баалуулуктарын жана тарыхый басып өткөн жолун эске алуу менен адамдын укуктарын жана эркиндиктерин кемсинтпей турган диний билим берүү системасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт. Жашоонун светтик жана диний бейнелеринин шайкеш эриш-аркак болушунун баалуулуктарын киргизүүнү кубаттайт» [2] - деп белгиленет.

Мамлекет диний билим берүү системасына светтик сабактарды киргизүү, ал эми тиешелүү деңгээлдеги мамлекеттик билим берүү системасына дин таануу сабактарын киргизүү аркылуу диний жана дин таануучу билим берүү системасын өркүндөтүүнү, ошондой эле динди конфессиялык жактан таанып билүү катары дин таануучулук билим берүүнүн ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүү маселелерин актуалдаштыруунун зарылдыгын белгилейт. Мамлекет Кыргызстандагы жана Борбордук Азиядагы диндердин тарыхын, алардын тарыхый-маданий мурасын окуп-үйрөнүүнү кубаттайт [2,4]. Тактап айтканда, диний билим берүү тармагы реформаланууга тийиш.

Корутунду. Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жөнүндөгү конституциялык жана башка укуктук-мыйзамдык актылар эл аралык укуктук-ченемдерге ылайык түзүлгөн жана жарандардын дин тутуу эркиндигин жана укугун камсыз кылууга багытталган. Мамлекеттин диний чөйрөдөгү саясатынын башкы максаты, принциби жана артыкчылыктуу багыттары - мамлекеттин светтик жана укуктук негиздерин бекемдөө, мамлекеттик-конфессионалдык мамилелерди жана диний билим берүү системасын өнүктүрүү болуп саналат. Дин жана мамлекеттик өнөктөштүктүн жаңы моделин табуу, диний жана дин таануучулук билим берүү системасын реформалоо мезгилдин талабы. Мамлекеттин диний чөйрөдөгү саясатынын башкы максаты коомдун тынчтыгын жана улуттук коопсуздукту сактоо болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. 1991-жылы Кыргыз Республикасындагы “дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү” [1] Мыйзамы.
2. 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 6-майында бекитилген Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы.
4. Кыргыз Республикасынын “Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер” жөнүндөгү Мыйзамы.
5. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү Мыйзамы. 2008-жылдын 31-декабры №282.
6. Дин концепциясы: мамлекет светтик негиздерди күчөтөт. Жетүү режими: https://www.azattyk.org.
7. Кыргыз Республикасынын 2021-ж. кабыл алынган Конституциясы.
8. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган (Электрондук ресурс). http://www.un.org/ru/documents/-decl_conv/ conventions/pactpol.shtml, Кыргыз Республикасы КРнын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы № 1406-XII токтому менен кошулган.
9. 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Концепциясы.
10. Сатаева С.Т. Проблемы в сфере религии и их влияние на религиозную и государственную безопасность в Кыргызстане. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 5. С. 75-78.